ЕВРАЗИЯ ЭКОНОМИКАЛЫК БИРЛИГИНИН СОТУ

КОНСУЛЬТАТИВДИК КОРУТУНДУ

2026-жылдын 17-июну Минск шаары

Евразия экономикалык бирлигинин Сотунун Чоң коллегиясы: төрагалык кылуучу Соттун төрагасы А.А. Дронов, баяндамачы-судья А.Г. Тунян, судьялар Э.В. Айриян, Д.П. Александров, К.К. Джунушпаев, А.А. Забара, Е.Ж. Исмаилов, М.Т. Кайыпов, А.Б. Кишкембаев, Н.В. Павлова курамында,

сот отурумунун катчысы Г.В. Симоняндын катышуусунда,

иштин материалдарын изилдеп чыгып, баяндамачы-судьяны угуп,

Евразия экономикалык бирлигинин Сотунун Статутунун 2, 46, 47, 69, 73-пункттарын, Евразия экономикалык бирлигинин Сотунун Регламентинин 72, 85-беренелерин жетекчиликке алып,

Казакстан Республикасынын атынан Казакстан Республикасынын Атаандаштыкты коргоо жана өнүктүрүү агенттигинин 2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимдин айрым жоболорун түшүндүрүп берүү жөнүндө арызы боюнча төмөнкүдөй консультативдик корутунду берет.

I. Арыз берүүчүнүн суроосу

Казакстан Республикасынын атынан Казакстан Республикасынын Атаандаштыкты коргоо жана өнүктүрүү агенттиги (мындан ары – арыз ээси, Агенттик) Евразия экономикалык бирлигинин Сотуна (мындан ары – Сот) 2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимдин (мындан ары – Келишим) жоболорун түшүндүрүп берүү жөнүндө арыз менен кайрылган.

Арыз ээси Казакстан Республикасынын Парламентинин Мажилиси тарабынан Казакстан Республикасынын «Атаандаштык маселелери боюнча Казакстан Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» мыйзамынын долбоору каралып жатканын, анын алкагында депутаттар тарабынан Казакстан Республикасынын 2018-жылдын 27-декабрындагы «Табигый монополиялар жөнүндө» мыйзамынын 5-беренесинин 1-пунктунун 1-пунктчасына, аталган Мыйзамдын текстинен «магистралдык» деген сөздү алып салууну караштырган түзөтүү киргизүү демилгесин белгилейт.

Агенттиктин пикири боюнча, бул түзөтүү мунай жана (же) мунай продуктыларын бардык түтүк өткөргүчтөр аркылуу ташуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү, Мыйзамдын колдонуудагы редакциясында каралгандай

жалгыз гана магистралдык түтүк өткөргүчтөр аркылуу эмес, табигый монополиялардын чөйрөсүнө киргизүүнү билдирет.

Арыз ээси Келишимдин 78-беренесинин 7-пунктуна ылайык мүчө мамлекеттерде табигый монополиялардын чөйрөлөрүн кеңейтүү, эгерде мүчө мамлекет табигый монополиялардын чөйрөсүнө Келишимдин № 20 тиркемеси болуп саналган Табигый монополиялардын субъекттеринин ишин жөнгө салуунун бирдиктүү принциптери жана эрежелери жөнүндө протоколдун (мындан ары – Протокол) № 1 же № 2 тиркемесинде көрсөтүлбөгөн башка табигый монополиялардын чөйрөсүн киргизүүнү каалаган учурда ушул мүчө мамлекеттин Комиссияга тиешелүү кайрылуусунан кийин Евразия экономикалык комиссиясынын (мындан ары – Комиссия) чечими боюнча жүзөгө ашырыларын белгилейт.

Жогоруда баяндалгандарга байланыштуу арыз ээси Келишимдин ченемдерине ылайык жогоруда көрсөтүлгөн түзөтүү боюнча Комиссиянын чечим кабыл алуусу талап кылынабы деген маселени түшүндүрүп берүүнү суранат.

II. Соттогу жол-жобо

Евразия экономикалык бирлигинин Сотунун Статутунун (Келишимге № 2 тиркеме; мындан ары – Статут) 68-пунктуна ылайык түшүндүрмө берүү жөнүндө иштерди кароо тартиби Жогорку Евразия экономикалык кеңешинин 2014-жылдын 23-декабрындагы № 101 чечими менен бекитилген Евразия экономикалык бирлигинин Сотунун Регламенти (мындан ары – Регламент) менен аныкталат.

Соттун Чоң коллегиясынын 2026-жылдын 31-мартындагы токтому менен Казакстан Республикасынын Атаандаштыкты коргоо жана өнүктүрүү агенттигинин арызы өндүрүшкө кабыл алынган.

Регламенттин 75-беренесинде белгиленген тартипте түшүндүрмө берүү боюнча иштин кароого даярдалышынын алкагында Евразия экономикалык комиссиясына, Армения Республикасынын Экономика министрлигине, Беларусь Республикасынын Монополияга каршы жөнгө салуу жана соода министрлигине, Беларусь Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине, Россия Федерациясынын Башкы прокуратурасына, Беларусь мамлекеттик технологиялык университетине, Евфросиния Полоцкая атындагы Полоцк мамлекеттик университетинин механика-технологиялык факультетине, Казакстан Республикасынын Мыйзам чыгаруу жана укуктук маалымат институтуна, Россия Федерациясынын Өкмөтүнө караштуу Мыйзам чыгаруу жана салыштырма укук таануу институтуна, О.Е. Кутафин атындагы Москва мамлекеттик юридикалык университетине суроо-талаптар жөнөтүлүп, алардан жооптор алынган.

III. Соттун тыянактары

1. Арыз ээсинин жүйөлөрүн эске алуу менен, ушул иш боюнча Келишимдин 78-беренесинин 7-пунктунун, ошондой эле Протоколдун 20-пунктунун 1-пунктчасынын жоболору, аларды Комиссиянын мүчө мамлекеттерде табигый монополиялардын чөйрөлөрүн кеңейтүү жөнүндө чечимдерди кабыл алуу боюнча ыйгарым укуктарын ишке ашыруу аспектисинде системалуу өз ара байланышында түшүндүрүлүүгө тийиш. Мында мүчө мамлекеттерде табигый монополиялардын чөйрөлөрүн кеңейтүү жөнүндө чечимдерди кабыл алуу боюнча Комиссиянын ишине баа берүү менен байланышпаган процедуралык мүнөздөгү маселелер түшүндүрүлүүгө тийиш.

2. Статуттун 50-пунктун жетекчиликке алып, Соттун Чоң коллегиясы Келишимдин жоболорун алардын өз ара системалуу байланышында, эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптеринин жана ченемдеринин, ошондой эле 1969-жылдын 23-майындагы Эл аралык келишимдер укугу жөнүндө Вена конвенциясынын 31-беренесинин жоболорунун негизинде түшүндүрөт.

3. Келишимдин 1-беренесинин 1-пунктуна ылайык Евразия экономикалык бирлигинин (мындан ары – Бирлик) алкагында товарлардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн, капиталдын жана жумушчу күчтүн эркин жылышы, Келишимде жана Бирликтин алкагындагы эл аралык келишимдерде аныкталган экономика тармактарында координацияланган, макулдашылган же бирдиктүү саясат жүргүзүү камсыз кылынат.

Келишимдин 3-беренесине ылайык Бирлик өз ишин мүчө мамлекеттер тарабынан Келишимге ылайык берилген компетенциянын чегинде, атап айтканда, өз ара пайдалуу кызматташтыкты камсыз кылуу, Тараптардын тең укуктуулугун жана улуттук кызыкчылыктарын эске алуу, рыноктук экономиканын жана ак ниет атаандаштыктын принциптерин сактоо принциптеринин негизинде жүзөгө ашырат.

Бирликтин аймагында атаандаштык чөйрөсүн түзүү интеграциялык процесстердин алкагында экономикалык мамилелерди өнүктүрүүнүн жана Келишимдин 4-беренесинде бекитилген максаттарга жетүүнүн зарыл алгы шарты болуп саналат.

Келишимдин 3-беренесине ылайык рыноктук экономиканын жана ак ниет атаандаштыктын принциптерин сактоо Бирликтин иштешинин негизги принциптеринин бири жана Келишимдин предметин жана максаттарын натыйжалуу ишке ашыруунун шарты болуп саналат, буга Бирликтин алкагында товарлардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн, капиталдардын жана эмгек ресурстарынын бирдиктүү рыногун түзүү, улуттук экономикалардын бүткүл дүйнөлүк экономика шарттарында бардык тараптуу модернизациялоо, кооперациялоо жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу да кирет (Келишимдин 4-беренеси).

Комиссиянын Келишимдин 78-беренесинин 7-пунктунун негизинде

мүчө мамлекеттерде табигый монополиялардын чөйрөлөрүн кеңейтүү жөнүндө чечим кабыл алуусу объективдүү түрдө Келишимдин XVIII бөлүмүндө жана Атаандаштыктын жалпы принциптери жана эрежелери жөнүндө протоколдо (Келишимге № 19 тиркеме) каралган атаандаштыктын жалпы принциптеринин жана эрежелеринин колдонулуш чөйрөсүн Бирликтин алкагында чектөө жана (же) колдонуу тартибин өзгөртүү менен байланышкан.

Соттун Чоң коллегиясы жогоруда баяндалгандарды эске алуу менен, Келишимдин 78-беренесинин 7-пунктунда бекитилген ченемдин мүчө мамлекеттердин табигый монополиялардын чөйрөлөрүн кеңейтүүгө багытталган ички мыйзамдарды кабыл алуу маселесинде Келишимге жооп берген дискрециясынын чектерин белгилөө жагынан маанилүүлүгүн, ошондой эле жогоруда аталган ченемдин Келишимдин 66-беренесинин 3-пунктунун жоболору менен (ага ылайык мүчө мамлекеттер кызмат көрсөтүүлөрдүн максималдуу көп тармактарында бирдиктүү рынокту түзүүгө жана анын иштешин камсыз кылууга умтулушат) жана Келишимдин 78-беренесинин 6-пунктунун жоболору менен (ал мүчө мамлекеттерди Протоколдун № 1 жана № 2 тиркемелеринде көрсөтүлгөн табигый монополиялардын чөйрөлөрүн «аларды кыскартуу жана ушул Келишимдин XX жана XXI бөлүмдөрүндө өткөөл мезгилди аныктоо мүмкүнчүлүгү менен» шайкеш келтирүүгө умтулууга милдеттендирет) өз ара байланышын белгилейт.

Жогоруда баяндалгандарга байланыштуу мүчө мамлекеттер Бирликтин өз функцияларын аткарышы үчүн жагымдуу шарттарды түзүү менен, табигый монополиялар чөйрөсүндөгү укуктук жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрүн жана бул чөйрөдө макулдашылган саясат жүргүзүүнүн зарылдыгын эске алат.

4. Мүчө мамлекеттердин табигый монополиялардын субъекттеринин ишин жөнгө салуу чөйрөсүндөгү өз ара аракеттенүү маселелери Келишимдин «Табигый монополиялар» деп аталган XIX бөлүмүндө, ошондой эле Протоколдо бекитилген.

Протоколдун 2-пунктунун үчүнчү абзацында камтылган аныктама-ченемге ылайык табигый монополия – белгилүү бир түрдөгү кызмат көрсөтүүлөргө болгон суроо-талапты канааттандыруу үчүн атаандаштык шарттарын түзүү, бул түрдөгү кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүүнүн жана берүүнүн технологиялык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу мүмкүн эмес же экономикалык жактан максатка ылайыксыз болгон кызмат көрсөтүүлөр рыногунун абалы.

Сот Кыргыз Республикасынын Транспорт жана жолдор министрлигинин арызы боюнча № Р-4/17 иш боюнча 2017-жылдын 20-ноябрындагы Консультативдик корутундусунун 4-пунктунда белгилегендей, жогоруда аталган ченемдин мазмунунан табигый монополиянын маңызы анын кайсы бир өнүмдүн же кызмат көрсөтүүнүн каалаган көлөмүн натыйжалуу өндүрүү жана бөлүштүрүү жалгыз гана өндүрүүчү болгон учурда мүмкүн болгон, ал эми белгилүү бир өндүрүш деңгээлинде бир өндүрүүчү үчүн чыгашалар көлөмү экиден жана андан көп өндүрүүчүлөргө караганда аз болгон рыноктук кырдаалга дал келип турганы чыгат. Мындай учурда

атаандаштардын болушу параллелдүү инфраструктураны түзүүгө негизсиз чыгашаларга алып келет. Мындай рыноктук кырдаал технологиянын өзгөчөлүктөрүнүн, продукциянын жана ресурстардын уникалдуулугунун, көрсөтүлүүчү кызматтардын жана рынокко кирүүнүн жогорку тоскоолдуктарынын натыйжасында гана мүмкүн болот.

5. Протоколдун 3-пункту мүчө мамлекеттер Протоколдун № 1 жана № 2 тиркемелеринде көрсөтүлгөн чөйрөлөрдө табигый монополиялардын субъекттеринин ишин жөнгө салууда жана (же) контролдоодо жетекчиликке алууга тийиш болгон жалпы принциптерди – негиз түптөөчү башталгычтарды бекитет, алардын катарына төмөнкүлөр кирет:

бул чөйрөлөрдө атаандаштыкты өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү эсебинен кийинчерээк табигый монополиялардын чөйрөлөрүн кыскартууга багытталган жөнгө салуунун натыйжалуулугун жогорулатуу;

тиешелүү ички рыноктун талдоосунун негизинде бул рынок табигый монополия абалында турганы аныкталган учурларда жөнгө салууну киргизүү.

Каралып жаткан иштин предметине тиешелүү болгон, Бирликтин алкагындагы жогоруда көрсөтүлгөн жөнгө салуу принциптери экономикалык ишмердик чөйрөсүндө укук бузууларга жол бербөөгө, атаандаштык чөйрөсүн камсыз кылууга багытталган, ошондой эле белгилүү бир чөйрөнү табигый монополия катары юридикалык жактан бекитүү үчүн негиз кызматын аткарат.

6. Протоколдун 2-пунктунун онунчу абзацына ылайык табигый монополиялардын чөйрөсү деп керектөөчү табигый монополиялардын субъекттеринин кызмат көрсөтүүлөрүн сатып ала турган, мыйзам жагынан табигый монополияга кирген кызмат көрсөтүү жүгүртүлүшүнүн чөйрөсү түшүнүлөт.

Мында керектөөчү – табигый монополиялардын субъекттери көрсөткөн кызмат көрсөтүүлөрдү пайдаланган же пайдалануу ниеттенген жарандык укуктун субъектиси (жеке же юридикалык жак); табигый монополиянын субъектиси – мүчө мамлекеттердин мыйзамдарында белгиленген табигый монополиялардын чөйрөлөрүндө кызмат көрсөтүүчү чарба жүргүзүүчү субъект (Протоколдун 2-пунктунун сегизинчи жана тогузунчу абзацтары). Табигый монополиялардын чөйрөлөрүнө кирген табигый монополиялардын субъекттеринин кызмат көрсөтүүлөрүнүн тизмеги мүчө мамлекеттердин мыйзамдары менен белгиленет (Келишимдин 78-беренесинин 5-пункту).

Келтирилген укуктук ченемдердин мазмунунан табигый монополиялардын субъекттеринин ишмердик чөйрөсү жеке жана юридикалык жактарга кызмат көрсөтүү боюнча ишмердик түрлөрүн камтыган экономиканын тармактарын/секторлорун камтыганы келип чыгат. Белгилүү бир түрдөгү экономикалык ишмердикти табигый монополиялардын чөйрөсүнө киргизүү, табигый монополиялардын субъекттеринин кызмат көрсөтүүлөрүнүн мазмуну тиешелүү мүчө мамлекеттин улуттук мыйзамдары менен аныкталат.

Жогорку улуттук деңгээлде мүчө мамлекеттердеги табигый монополиялардын чөйрөлөрү Протоколдун № 1 жана № 2 тиркемелеринде

«Мүчө мамлекеттердеги табигый монополиялардын чөйрөлөрү» деген бирдиктүү аталыш астында аныкталган. Эгерде Протоколдун № 1 тиркемесинде Келишимдин «Табигый монополиялар» деп аталган XIX бөлүмүнүн жоболору колдонулуучу, мүчө мамлекеттердин ортосундагы соодага таасир этүүчү мүчө мамлекеттердеги табигый монополиялардын чөйрөлөрү көрсөтүлсө (Келишимдин 78-беренесинин 2-пункту), анда Протоколдун № 2 тиркемесинде тиешелүү мүчө мамлекеттердин мыйзамдарынын талаптары колдонулуучу мүчө мамлекеттердеги табигый монополиялардын чөйрөлөрү көрсөтүлгөн (Келишимдин 78-беренесинин 4-пункту).

7. Протоколдун № 1 тиркемесинин 1-пунктуна ылайык мунай жана мунай продуктыларын магистралдык түтүк өткөргүчтөр аркылуу ташуу мүчө мамлекеттердин ортосундагы соодага таасир этүүчү жана ага карата Келишимдин XIX бөлүмүнүн жоболору колдонулуучу, мүчө мамлекеттердеги табигый монополиялардын чөйрөлөрүнүн бири катары көрсөтүлгөн.

Бирликке мүчө мамлекеттердин мыйзамдарында мунай жана мунай продуктыларын магистралдык түтүк өткөргүчтөр аркылуу ташуу, улуттук мыйзамдарында мындай ченем каралбаган Армения Республикасын кошпогондо, табигый монополиялардын чөйрөсү катары таанылган.

Ошентип Беларусь Республикасынын 2002-жылдын 16-декабрындагы № 162-З «Табигый монополиялар жөнүндө» мыйзамынын (2019-жылдын 11-ноябрындагы редакциясында) 3-беренесине ылайык мунай, мунай продуктыларын магистралдык түтүк өткөргүчтөр аркылуу ташуу табигый монополиялардын чөйрөлөрүнө кирет.

Казакстан Республикасынын 2018-жылдын 27-декабрындагы № 204-VI «Табигый монополиялар жөнүндө» мыйзамынын (2025-жылдын 29-июлундагы редакциясында) 5-беренесинин 1-пункту Казакстан Республикасынын аймагы аркылуу транзит максатында жана Казакстан Республикасынын чегинен тышкары экспорттоо максатында ташууну кошпогондо, мунайды жана (же) мунай продуктыларын магистралдык түтүк өткөргүчтөр аркылуу ташуу боюнча жөнгө салынуучу кызмат көрсөтүү Казакстан Республикасындагы табигый монополиялардын чөйрөсүнө кирээрин белгилейт.

Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 8-августундагы № 149 «Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө» мыйзамынын (2023-жылдын 25-июлундагы редакциясында) 2-1-беренесинде мунайды жана мунайзаттарын магистралдык түтүк өткөргүчтөр аркылуу ташуу табигый монополиялардын чөйрөсү катары таанылган.

Россия Федерациясынын 1995-жылдын 17-августундагы № 147-ФЗ «Табигый монополиялар жөнүндө» федералдык мыйзамы (2026-жылдын 23-мартындагы редакциясында) менен да мунай жана мунай продуктыларын магистралдык түтүк өткөргүчтөр аркылуу ташуу табигый монополиялардын субъекттеринин ишмердик чөйрөсүнө кирет.

8. Протоколдун № 1 тиркемесинин 1-пунктунда табигый

монополиялардын чөйрөлөрүн көрсөтүү үчүн ар башка терминология колдонулгандыгына карабастан, атап айтканда, Беларусь Республикасы, Кыргыз Республикасы жана Россия Федерациясы үчүн «Мунай жана мунай продуктыларын магистралдык түтүк өткөргүчтөр аркылуу ташуу», ал эми Казакстан Республикасы үчүн «Мунайды жана (же) мунай продуктыларын магистралдык түтүк өткөргүчтөр аркылуу ташуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр» деп көрсөтүлгөнүнө карабастан, бардык учурларда Протоколдун 2-пунктунун онунчу абзацында аныкталган «табигый монополиялардын чөйрөсү» деген түшүнүктүн мааниси боюнча кызмат көрсөтүү жүгүртүлүшүнүн чөйрөсү жөнүндө сөз болуп жатат.

9. Мунай жана мунай продуктыларынын жалпы рынокторун уюштуруунун, башкаруунун, иштешинин жана өнүгүүсүнүн тартиби жөнүндө протоколдун (Келишимге № 23 тиркеме) 2-пунктуна ылайык «мунай жана мунай продуктыларын ташуу» деген аны жөнөтүүчүдөн кабыл алуу пунктунан алуучуга тапшыруу пунктуна чейин, түтүк өткөргүч транспортту колдонуу менен кошо, каалаган ыкма менен жылдырууга багытталган, куюп агызуу, куюу, башка транспорт түрүнө оодаруу, сактоо, аралаштыруу сыяктуу иш-аракеттерди жасоо катары аныкталат.

Мындан тышкары, Бирликтин алкагында мүчө мамлекеттердин Бирликтин мунай жана мунай продуктыларынын жалпы рынокторун түзүшүн камсыз кылуу үчүн Жогорку Евразия экономикалык кеңешинин 2016-жылдын 31-майындагы № 8 чечими менен Евразия экономикалык бирлигинин мунай жана мунай продуктыларынын жалпы рынокторун түзүү концепциясы бекитилген, анда «мунай жана мунай продуктыларын ташуу» деген түшүнүг берилген, ал жөнөтүүчүдөн кабыл алуу пунктунан алуучуга тапшыруу пунктуна чейин, түтүк өткөргүч транспортту колдонуу менен кошо, каалаган ыкма менен жылдырууга багытталган, куюп агызуу, куюу, башка транспорт түрүнө оодаруу, сактоо, аралаштыруу сыяктуу иш-аракеттерди жасоону билдирет; ошондой эле «мунай жана мунай продуктыларын ташуу тутуму» деген түшүнүк – мунайды жана (же) мунай продуктыларын ташуу (айдоо) үчүн пайдаланылуучу магистралдык түтүк өткөргүчтөрдүн жана башка транспорт түрлөрүнүн транспорттук каражаттарынын жыйындысы.

10. Мунай жана мунай продуктыларын ташууну атайын транспорт түрүн – магистралдык түтүк өткөргүчтү көрсөтүү менен табигый монополиянын чөйрөсү катары так белгилөө бул түрдөгү товарларды ташуу рыногунун жана Бирликтин алкагында бул чөйрөдө табигый монополияны түзүү шарттарынын өзгөчөлүгүн чагылдырат.

Келишимде «магистралдык түтүк өткөргүч» жана «түтүк өткөргүч» деген түшүнүктөрдүн аныктамасы камтылбаганына карабастан, «магистралдык түтүк өткөргүч» деген түшүнүк Бирликтин укугунда, Келишимдин 51-беренесинин 1-пунктунун 1-пунктчасына ылайык продукцияга же продукцияга жана продукцияга карата талаптарга байланыштуу долбоорлоо (изилдөөлөрдү кошо алганда), өндүрүү, курулуш, монтаждоо, тууралоо, пайдалануу, сактоо, ташуу, өткөрүп берүү жана утилдештирүү процесстерине милдеттүү талаптарды белгилеген техникалык

регламенттерде ачылат.

Атап айтканда, Евразия экономикалык комиссиясынын Кеңешинин 2020-жылдын 23-декабрындагы № 121 чечими менен кабыл алынган Евразия экономикалык бирлигинин «Суюк жана газ түрүндөгү углеводороддорду ташуу үчүн магистралдык түтүк өткөргүчтөргө карата талаптар жөнүндө» техникалык регламенти (мындан ары – ЕАЭБ ТР 049/2020) долбоорлоодо (инженердик изилдөөлөрдү кошо алганда), курулушта (реконструкциялоодо), пайдаланууда (кабыл алууда жана пайдаланууга киргизүүдө, консервациялоодо), утилдештирүүдө (жоюуда) суюк жана газ түрүндөгү углеводороддорду ташуу үчүн магистралдык түтүк өткөргүчтөргө карата Бирликтин бажы аймагында колдонууга жана аткарууга милдеттүү талаптарды, ошондой эле алардын шайкештигин баалоо эрежелерин белгилейт.

ЕАЭБ ТР 049/2020нин 2-пунктуна ылайык бул техникалык регламенттин жөнгө салуу объектиси болуп, суюк углеводороддорду ташуу үчүн номиналдуу диаметри 1400гө чейин кошо алганда, ашыкча басымы 1,2ден 14 МПага чейин кошо алганда жана газ түрүндөгү углеводороддорду ташуу үчүн ашыкча басымы 1,2ден жогору 25 МПага чейин кошо алганда болгон, алардан бутактанган жерлерди кошо алганда, магистралдык түтүк өткөргүчтөр саналат.

11. ЕАЭБ ТР 049/2020нин 5-пунктунун он биринчи абзацында «магистралдык түтүк өткөргүч» деген түшүнүк ачылат, ал суюк же газ түрүндөгү углеводороддорду кабыл алуу пункттарынан керектөөчүлөргө тапшыруу пункттарына чейин же суюк углеводороддорду автомобиль, темир жол же суу транспортуна оодаруу үчүн ташууга арналган, магистралдык түтүк өткөргүчтүн объекттерине тейлөө жана башкаруу максатында пайдаланылуучу курулуштарды жана имараттарды кошо алганда, конструктивдик жана технологиялык жактан өз ара байланышкан объекттерден турган бирдиктүү өндүрүштүк-технологиялык комплексти билдирет.

ЕАЭБ ТР 049/2020 магистралдык түтүк өткөргүчтөргө милдеттүү талаптарды белгилөө менен бир эле учурда бул техникалык регламенттин талаптары колдонулбаган башка түтүк өткөргүчтөрдүн чөйрөсүн да аныктайт. Мындай түтүк өткөргүчтөр катары ЕАЭБ ТР 049/2020нин 4-пунктунда газ бөлүштүрүү жана газ керектөө тармактарынын түтүк өткөргүчтөрү, автономдуу газ менен жабдуу тармактарынын жана автомобиль газ толтуруучу компрессордук станциялардын түтүк өткөргүчтөрү, деңиз түтүк өткөргүчтөрү, кен казуучу жана кен казуулар аралык түтүк өткөргүчтөр, жеңил углеводороддордун кеңири фракциясын жана шыкталган углеводород газдарын ташуу үчүн түтүк өткөргүчтөр, ошондой эле углеводород чийки затын казып алуу жана (же) кайра иштетүү технологиялык процесстерин ишке ашырууга жана камсыз кылууга арналган түтүк өткөргүчтөр көрсөтүлгөн.

Өз кезегинде «түтүк өткөргүч» деген түшүнүк Бирликтин укугунда Евразия экономикалык комиссиясынын Кеңешинин 2013-жылдын 2-июлундагы № 41 чечими менен кабыл алынган Бажы бирлигинин «Ашыкча

басым астында иштеген жабдуулардын коопсуздугу жөнүндө» техникалык регламентинин (мындан ары – ББ ТР 032/2013 (2025-жылдын 26-сентябрындагы редакциясында)) 4-пунктунда ачылат жана ажыратылбас жана (же) ажыратылуучу бирикмелерди колдонуу менен өз ара бириктирилген түтүк өткөргүч арматурасынан, түтүктөрдөн, фланецтерден жана түтүк өткөргүчтүн башка бөлүктөрүнөн жана элементтеринен, ошондой эле түтүк өткөргүчтүн коопсуз иштешин камсыз кылуучу, аларга бириктирилген таяныч-илмек тутумунун бөлүктөрүнөн турган, ар кандай чөйрөлөрдү ашыкча басым астында ташууга арналган жабдууну билдирет. Мында ББ ТР 032/2013тун 3-пунктунда бул техникалык регламент басымды жөнгө салуу станцияларында же компрессордук станцияларда пайдаланылуучу жабдууларды кошпогондо, газды, мунайды жана башка продукттарды ташууга арналган магистралдык түтүк өткөргүчтөргө, кен ичиндеги жана жергиликтүү бөлүштүрүү түтүк өткөргүчтөрүнө (а пунктчасы); имараттар менен курулуштардын суу менен жылытуу тутумдарындагы жылытуу приборлоруна жана түтүк өткөргүчтөргө (т пунктчасы); түтүк өткөргүчтөрдүн таяныч-илмек тутумдарына жана алардын элементтерине (ф пунктчасы) колдонулбай тургандыгы белгиленет.

12. «Магистралдык түтүк өткөргүч» деген түшүнүк магистралдык түтүк өткөргүчтөр тармагындагы коомдук мамилелерди жөнгө салуучу Беларусь Республикасынын жана Казакстан Республикасынын атайын мыйзам актыларында да ачылат (башка мүчө мамлекеттерде мындай актылар жок).

Беларусь Республикасынын 2002-жылдын 9-январындагы № 87-З «Магистралдык түтүк өткөргүч транспорту жөнүндө» мыйзамынын (Беларусь Республикасынын 2022-жылдын 12-июлундагы мыйзамынын редакциясында) 1-беренесине ылайык магистралдык түтүк өткөргүч – продукцияны аны кабыл алуу пункттарынан керектөөчүлөргө тапшыруу пункттарына чейин же суюк углеводороддорду автомобиль, темир жол же ички суу транспортуна оодарууга арналган жана магистралдык түтүк өткөргүчтүн объекттерине тейлөө жана башкаруу максатында пайдаланылуучу имараттарды жана курулуштарды кошо алганда, конструктивдик жана технологиялык жактан өз ара байланышкан объекттерден турган бирдиктүү өндүрүштүк-технологиялык комплекс. Мыйзамдын колдонулушу, атап айтканда, кен казуучу, технологиялык, бөлүштүрүүчү түтүк өткөргүчтөргө жайылтылбайт (Мыйзамдын 2-беренесинин 2-пункту).

Казакстан Республикасынын 2012-жылдын 22-июнундагы «Магистралдык түтүк өткөргүч жөнүндө» мыйзамынын (2025-жылдын 8-июлундагы абалы боюнча) 1-беренесинин 5-пунктунда магистралдык түтүк өткөргүч түшүнүгү сызыктуу бөлүктөн жана продукцияны коопсуз ташууну камсыз кылуучу, техникалык регламенттердин жана улуттук стандарттардын талаптарына дал келүүчү объекттерден турган бирдиктүү өндүрүштүк-технологиялык комплекс катары аныкталган.

Мында Казакстан Республикасынын жогоруда аталган мыйзамынын 11-беренесинде магистралдык мунай өткөргүчтөрдү, газ өткөргүчтөрдү жана мунай продукту өткөргүчтөрдү (1-пункт) камтыган магистралдык түтүк

өткөргүчтөрдүн түрлөрү белгиленген, ошондой эле магистралдык түтүк өткөргүчтөргө кирбеген түтүк өткөргүчтөр саналып өткөн (11-беренесинин 4-пункту). Мыйзамга ылайык кен казуучу, технологиялык жана башка түтүк өткөргүчтөр, ошондой эле бөлүштүрүүчү түтүк өткөргүчтөр магистралдык түтүк өткөргүчтөргө кирбейт.

13. Жогоруда баяндалгандардын негизинде Соттун Чоң коллегиясы «магистралдык түтүк өткөргүч» ушул учурда мунайды жана (же) мунай продуктыларын ташуу үчүн пайдаланылуучу түтүк өткөргүчтүн бир түрү болуп саналарын, ал эми «түтүк өткөргүч» деген термин магистралдык мунай өткөргүчтөрдү жана мунай продукту өткөргүчтөрдү да, ошондой эле магистралдык болбогон башка түтүк өткөргүчтөрдү да камтыйт деп белгилейт. Демек Казакстан Республикасынын 2018-жылдын 27-декабрындагы «Табигый монополиялар жөнүндө» мыйзамынын 5-беренесинин 1-пунктунун 1-пунктчасынын текстинен «магистралдык» деген сөздү алып салуу Протоколдун № 1 тиркемесинде белгиленген табигый монополиялардын чөйрөлөрүнүн тизмегин кеңейтет, анткени ал жалгыз гана магистралдык түтүк өткөргүчтөр аркылуу мунай жана (же) мунай продуктыларын ташуу менен байланышпаган башка чөйрөнү да камтыйт.

14. Келишимдин 78-беренесинин 7-пункту мүчө мамлекеттерде табигый монополиялардын чөйрөлөрүн кеңейтүү мүмкүнчүлүгүн берет. Мындай кеңейтүү төмөнкүдөй жүзөгө ашырылат:

- эгерде мүчө мамлекет табигый монополиялардын чөйрөсүнө башка мүчө мамлекетте табигый монополиянын чөйрөсү болуп саналган жана Протоколдун № 1 же № 2 тиркемесинде келтирилген чөйрөнү киргизүүнү каалаган учурда – мүчө мамлекеттердин мыйзамдарына ылайык;

- эгерде мүчө мамлекет табигый монополиялардын чөйрөсүнө Протоколдун № 1 же № 2 тиркемесинде көрсөтүлбөгөн башка табигый монополиялардын чөйрөсүн киргизүүнү каалаган учурда – ушул мүчө мамлекеттин Комиссияга тиешелүү кайрылуусунан кийин, Комиссиянын чечими боюнча.

15. Келишимдин 78-беренесинин 7-пунктунун ченемин түзмө-түз окуу арыз ээсинин суроосуна жооп берүү үчүн эки жагдайды аныктоо керек экендигин корутундулоого мүмкүндүк берет:

1) «мунайды жана (же) мунай продуктыларын магистралдык түтүк өткөргүчтөр аркылуу ташуу боюнча» деген туюнтмадан «магистралдык» деген сөздү алып салуу табигый монополиялардын чөйрөлөрүн кеңейтүү болобу;

2) Протоколдун № 1 же № 2 тиркемесинде мунайды жана (же) мунай продуктыларын магистралдыктан башка түтүк өткөргүчтөр аркылуу ташуу көрсөтүлгөнбү.

1969-жылдын 23-майындагы Эл аралык келишимдер укугу жөнүндө Вена конвенциясынын 31-беренесинин 1-пунктуна ылайык эл аралык келишим адилеттик менен, келишимдин терминдерине алардын контекстинде берилүүчү кадимки маанисине ылайык, ошондой эле келишимдин предметине

жана максаттарына жараша чечмеленүүгө тийиш.

А.П. Евгеньева редакциялаган Орус тилинин сөздүгүнө (Кичи академиялык сөздүк; 3-том, 684-бет) ылайык «кеңейтүү» деген терминдин кадимки мааниси – «санда, көлөмдө көбөйтүү», «бир нерсенин колдонулуш чөйрөсүн, камтуусун кеңейтүү» дегенди билдирет. Мүчө мамлекеттердин органдарынын жана уюмдарынын Соттун суроо-талаптарына берген жообунда «түтүк өткөргүч» деген термин магистралдык түтүк өткөргүчтөрдү да, магистралдык эмес башка түтүк өткөргүчтөрдү да камтыйт деп көрсөтүлгөн. Мындан мыйзамдын туюнтмасынан «магистралдык» деген сын атоочту алып салуу магистралдыктан башка бардык түтүк өткөргүчтөр аркылуу мунай жана мунай продуктыларын ташууну кошуу жолу менен табигый монополиялардын чөйрөлөрүнүн санын көбөйтөт, башкача айтканда табигый монополиялардын чөйрөлөрүн кеңейтүүгө алып келет деген жыйынтык чыгат.

Мунай жана мунай продуктыларын магистралдык түтүк өткөргүчтөр аркылуу ташуу Протоколдун № 1 тиркемесине киргизилген табигый монополиялардын чөйрөлөрүнүн тизмесине 1-номер менен кирет. Протоколдун № 1 же № 2 тиркемелеринин башка пункттарында мунай жана мунай продуктыларын ташуу кездешпейт. Демек, Келишим бул табигый монополиянын чөйрөсүн жалгыз гана «магистралдык түтүк өткөргүчтөр» аркылуу ташуу менен чектейт. Мунайды башка түтүк өткөргүчтөр аркылуу ташуу Келишимде көрсөтүлгөн эмес.

16. Протоколдун 20-пунктунун 1-пунктчасына ылайык Комиссия, эгерде мүчө мамлекет табигый монополиялардын чөйрөсүнө Протоколдун № 1 жана № 2 тиркемелеринде көрсөтүлбөгөн башка табигый монополиялардын чөйрөсүн киргизүүнү каалаган учурда, ушул мүчө мамлекеттин Комиссияга тиешелүү кайрылуусунан кийин, мүчө мамлекеттерде табигый монополиялардын чөйрөлөрүн кеңейтүү жөнүндө чечим кабыл алат.

Келишим менен белгиленгендей, Протоколдун № 1 жана № 2 тиркемелеринде көрсөтүлгөн табигый монополиялардын чөйрөлөрүн кеңейтүү аркылуу мамлекеттердин милдеттенмелерин өзгөртүү механизми мүчө мамлекеттердин эгемендүү теңдиги, өз ара пайдалуу кызматташтыкты камсыз кылуу, тең укуктуулук жана улуттук кызыкчылыктарды эске алуу принциптеринин сакталышына кепилдик берет (Келишимдин 3-беренеси).

Мында Келишим мүчө мамлекеттин башка мүчө мамлекетте мурда эле ушундай деп таанылган жана Протоколдун № 1 же № 2 тиркемесинде келтирилген чөйрөнү табигый монополиялардын чөйрөсүнө киргизүү укугун чектебейт (Келишимдин 78-беренесинин 7-пунктунун экинчи абзацы). Эгерде табигый монополиянын чөйрөсү № 1 же № 2 тиркемеде жок болсо, анда белгилүү бир мамлекеттеги жаңы чөйрө мыйзам жагынан табигый монополияга ушул мүчө мамлекеттин Комиссияга тиешелүү кайрылуусунан жана ал ушул кайрылуу боюнча бул мүчө мамлекетте табигый монополиялардын чөйрөлөрүн кеңейтүү жөнүндө чечим кабыл алгандан кийин гана таандык кылынышы мүмкүн.

Комиссиянын Келишимдин 78-беренесинин 7-пунктунун үчүнчү абзацында белгиленген тартипте мамлекеттердин кайрылууларын кароосу жана алар боюнча тиешелүү чечимдерди кабыл алуусу Комиссиянын өз ыйгарым укуктарынын чегинде Бирликтин алкагындагы эл аралык келишимдердин ишке ашырылышын камсыз кылуу боюнча ишинин максатына толук дал келет (Келишимге № 1 тиркеме болуп саналган Евразия экономикалык комиссиясы жөнүндө жобонун 4-пункту).

17. Жогорку Евразия экономикалык кеңешинин 2014-жылдын 23-декабрындагы № 98 чечими менен бекитилген Евразия экономикалык комиссиясынын иш регламентинин № 1 тиркемесинин 73-пунктуна ылайык мүчө мамлекеттин кайрылуусунун негизинде Протоколдун № 1 жана № 2 тиркемелеринде көрсөтүлбөгөн чөйрөлөрдү табигый монополиялардын чөйрөсүнө киргизүү жөнүндө чечимдерди кабыл алуу Евразия экономикалык комиссиясынын Кеңешинин компетенциясына кирет.

Мүчө мамлекет Келишимдин 78-беренесинин 7-пунктун жетекчиликке алып, Комиссияга башка табигый монополиялардын чөйрөсүн (Протоколдун № 1 жана № 2 тиркемелеринде көрсөтүлбөгөн) киргизүү ниети жөнүндө кайрылууну жана бул ниеттерди жана табигый монополиялардын чөйрөсүн кеңейтүү себептерин негиздөөчү материалдарды (мындай чечимди кабыл алуу жөнүндө түшүндүрмөлөрдү, талдоочу иштин натыйжаларын жана (же) мамлекеттик саясатты жүргүзүүнүн учурдагы абалын изилдөөнү жана башкаларды) жөнөтөт.

18. Ошентип мунай жана мунай продуктыларын ташууга карата Бирликке мүчө мамлекеттерде бар табигый монополиялардын чөйрөсү, Протоколдун № 1 тиркемесинен келип чыгышы боюнча, аларды магистралдык түтүк өткөргүчтөр аркылуу ташуу менен чектелген. Бирликтин укугунун деңгээлинде мындай ташуу ар бир мүчө мамлекетте анын ички мыйзамдарынын талаптарынын негизинде табигый монополиялардын чөйрөсү тарабынан камтылган өзгөчө объект катары аныкталган.

Жогоруда баяндалгандардан мүчө мамлекеттин мунайды жана (же) мунай продуктыларын магистралдыктан башка каалаган түтүк өткөргүч аркылуу ташуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү табигый монополиялардын чөйрөсүнө киргизүүсү Протоколдун № 1 жана № 2 тиркемелеринде көрсөтүлбөгөн башка табигый монополиялардын чөйрөсү эсебинен табигый монополиялардын чөйрөсүн кеңейтүү болуп саналары жана Келишимдин 78-беренесинин 7-пунктунун үчүнчү абзацына ылайык кызыкдар мамлекеттин Комиссияга тиешелүү кайрылуусунан жана Комиссиянын бул маселе боюнча оң чечим кабыл алуусунан кийин гана жүзөгө ашырылышы мүмкүн экени келип чыгат.

19. Баяндалгандардын негизинде Соттун Чоң коллегиясы төмөнкүдөй түшүндүрмө берет:

Келишимдин 78-беренесинин 7-пунктуна ылайык кайсы бир башка мүчө мамлекетте табигый монополиянын чөйрөсү болуп саналбаган жана Протоколдун № 1 жана № 2 тиркемелеринде көрсөтүлбөгөн, мунай жана

мунай продуктыларын магистралдыктан башка түрдөгү түтүк өткөргүчтөр аркылуу ташууну аларга киргизүү эсебинен табигый монополиялардын чөйрөлөрүн кеңейтүү мүчө мамлекеттин Евразия экономикалык комиссиясына тиешелүү кайрылуусунан жана ал ушул кайрылуу боюнча бул мүчө мамлекетте табигый монополиялардын чөйрөлөрүн кеңейтүү жөнүндө чечим кабыл алгандан кийин гана мүмкүн.

IV. Корутунду жоболор

Ушул Консультативдик корутундунун көчүрмөсү арыз ээсине жөнөтүлсүн.

Консультативдик корутунду Соттун расмий интернет-сайтына жайгаштырылсын.

Төрагалык кылуучу А.А. Дронов

Судьялар: Э.В. Айриян

Д.П. Александров

К.К. Джунушпаев

А.А. Забара

Е.Ж. Исмаилов

М.Т. Кайыпов

А.Б. Кишкембаев

Н.В. Павлова

А.Г. Тунян